**“Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө Жобону жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбооруна**

# НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын бул долбоору 2007-жылдын 21-майындагы “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 13-июлундагы № 94 “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу”, “Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-февралындагы № 6 “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу”, “Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 17-мартындагы № 23 “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун укук колдонуу тажрыйбасын өркүндөтүү максатында даярдалды.

Колдонуудагы Жоболор 2007-жылы бекитилген жана жарандык маселелерин кароо тартиби жөнүндө бир катар ченемдер Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келбейт. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароо тартиби жөнүндө Жободо:

а) “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына 2011-2012-жылдары киргизилген өзгөртүүлөр каралган эмес;

б) Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин тескеген ыйгарым укуктуу органдар жана кызмат адамдары бөлүгүндөгү өзгөртүүлөр эске алынган эмес. Атап айтканда, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин жарандык маселелер боюнча ыйгарым укуктары 2011-жылы эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматына берилген;

в) колдонуудагы Жоболордун түзүмдүк элементтери 2009-жылы кабыл алынган “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык келбейт.

Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө Жобонун жаңы редакциясы (мындан ары – Жобо) 2012-жылдын 10-февралындагы №6 Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу” Мыйзамына ылайык келтирилген, анда “Комиссия айына бир жолудан кем эмес жыйналыш өткөрөт. Комиссия тарабынан чечим кабыл алынган учурдан тартып он төрт күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын

Президентинин Аппараты Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу же жарандыгынан чыгаруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгынын долбоорун даярдоону жүзөгө ашырат. Жарандыкты берүү же андан чыгуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы ага кол коюлган учурдан тартып үч күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайтына жарыялануууга тийиш. Кыргыз Республикасынын жарандыгын берүүдөн же жарандыгынан чыгуудан баш тартылган учурда, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты үч күндүн ичинде баш тартуунун негиздерин көрсөтүү менен арыз ээсин жазуу жүзүндө кабарландырууга милдеттүү.” деп көрсөтүлгөн.

Жобо 2012-жылдын 17-мартындагы №23 Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу” Мыйзамы менен киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду камтыган. Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамынын 14-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, чет мамлекеттин жарандыгы бар же жарандыгы жок, этностук кыргыз болуп саналган адамдар, Кыргыз Республикасынын мурдагы жарандары Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн кайтып келгенде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган, Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн келген аял жынысындагы чет мамлекеттин жарандары жана жарандыгы жок адамдар, Кыргыз Республикасынын аймагында жашап туруунун мөөнөтү жөнүндө шарттар коюлбастан жана 13-статьяда жана ушул статьянын 1-бөлүгүндө каралган шарттар сакталбастан мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алынат. Аларды Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу алардын башка мамлекеттин жарандыгынан баш тартуусун көрсөтүү менен, башка мамлекеттин жарандыгынан алдын ала чыгуусуз эле Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын негизинде жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Мыйзамынын 35-беренесине ылайык, этностук кыргыздар, Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган аял жынысындагы чет мамлекеттик жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алууда мамлекеттик алымдарды жана консулдук жыйымдарды төлөөдөн бошотулат.

Жобо калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жана Кыргыз Республикасынын жараны болуп эсептелбеген адамдардын “Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 39-беренесинин 2-пунктуна ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы же аларды жарандыгы жок адамдар деп таануу жөнүндө арыздарын кароо үчүн негиздердин тизмесин тактап көрсөтөт. Бул ченем Кыргыз Республикасынын аймагында белгисиз укуктук статус жана

ким экендигин ырастаган документтеринин мөөнөтү өткөн менен туруктуу жашаган адамдардын санын кыскартууга мүмкүндүк берет. Адамдардын жогоруда көрсөтүлгөн категориясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Калктуу каттоо департаментинин аймактык органдарынын комиссиялары тарабынан каралат.

Жобо "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 1-жана 5-бөлүктөрүндөгү "бала туулган учурда анын ата-энеси Кыргыз Республикасынын жараны болсо туулган жерине карабастан бала Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат", ошондой эле "ата-энесинин экөө тең белгисиз Кыргыз Республикасынын аймагында турган бала Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналат" деп көрсөтүлгөн талаптарын ишке ашырып, Кыргыз Республикасынын аймагында туулган балдардын жарандыгы жок болгон учурларды азайтууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия жөнүндө Жобонун жаңы редакциясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу жарандык маселелери боюнча Комиссия учурдагы иштеп жаткан 7 мүчөнүн ордуна 9 мүчөдөн турарын карайт. Комиссиянын курамына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынан дагы киргизүү болжолдонууда, аны менен материалдарды тыкыр кароого, жарандык маселелери боюнча мыйзамды өркүндөтүүгө көмөк болот.

Бир эле учурда, долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча каражаттарды бөлүүнү талап кылбай тургандыгын белгилей кетебиз.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президентине караштуу жарандык**
**маселелери боюнча Комиссиянын**
**жооптуу катчысы** **Н. Касымбеков**